# Мектептин миссиясы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЖАЙЫЛ РАЙОНУ**
**Ийри- Суу негизги мектеби**

724426, Ийри-Суу а.,

Тынчтык көч, 78

ИНН 01905200510224

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН**
**Ийри-Сууйская основная школа**
724426,с Ийри-Суу

ул.Тынчтык,78

ИНН 01905200510224

---

# БУЙРУК

“29” 08 2022-ж. №03 Ийри-Суу айылы

Ийри-Суу негизги мектебинде 2022-2027- жылдарга карата Мектеп миссиясын жана мектептин келечектүү-өнүгүү иш- мерчеми кабыл алуу жөнүндө

**буйрук кылам:**

1. Ийри-Суу негизги мектебинин 2022-2027-жылдарга Мектеп миссиясы жана мектептин келечектүү өнүгүү иш-мерчеми мектеп администрациясы, усулдук бирикмелердин жетекчилери менен биргеликте иштелип чыгарылсын.

2. 2022-2027-жылдарга карата Мектептин келечектүү-өнүгүү иш-мерчеми 27.08.2022-жылы №1 пед.кеңештин чечиминин негизиде буйрук чыгарылсын.

3. Бул буйрукту көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам

Директор: Чотуралиев И.А.

**Ийри-Суу негизги мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы**

**пед.кеңешменин токтому**

**Протокол№1**

Күнү: 27.08.2022-ж.

Төрага:Чотуралиев И.А.

Катчы:Таалайбекова Б.Т.

Катышкан мугалимдердин саны: 13

Келбегендер: 0

**Күн тартиби:**

1. Ийри-Суу негизги мектебинин миссиясын кабыл алуу жөнүндө
2. 2022-2027-жылдарга карата келечектүү өнүгүү иш-мерчемин кабыл алуу жөнүндө

**Угулду:**

1-маселе боюнча мектеп директору Чотуралиев И.А.- баяндаманын кыскача мазмуну: -2026-жылы "Тарбиялоо жана окутуу -билим берүү процессин бирдиктүү эки түзүмү" деп аталган миссияны заман талабына жараша 2022-жылы өзгөртүүгө туура келди. Азыркы учурдагы миссиябыз 2022-2027жылдарга (5 жылга) кабыл алуу маселелери турат. Мектеп админситрациясы талдоолорду жүргүзүп, бир чечимге келдик.

Ийри-Суу негизги мектебинин миссиясы: **"Заманбап коомдун талабына жооп берген билимдүү, тартиптүү жана кыргыз элинин маданиятын, каада-салтын терең урматтап баалаган инсанды ата- энелер менен бирдикте тарбиялоо"**

Максаты: Ийри-Суу негизги мектебинде Кргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик стандарттын, прграммасынын, предметтик стандартынын, Базистик окуу планынын негизинде жалпы орто билим берүүнү камсыз кылуу менен бирге:

- Окуу тарбия берүү иштерин жүргүзүү;
- Инсандын ден-соолугун сактоо, чыңдоо;
- Инсандыгын камсыздоо;
- Ар тараптан өнүгүүсүнө заманбап шарт түзүү;
- Улуттук баалуулуктарды урматтоо;
- Өз ордун коомдо таба билүүгө тарбиялоо.

**Багыттуулугу:** Окуу-усулдук, материалдык -техникалык мүнкүнчүлүгү талапка жооп берген, билимдүү адистер менен камсыз болгон, жалпы билим берүүнүн үлгүсүнишке ашырып, окутуунун заманбап технологиялардын колдонгон, талдоо, мониторинг жүргузүүнүн ыңайлуулугуна жетишкен, коммуникативдүү, өз оюн экин айта алган, атаандаштыкка жөндөмдүү инсандарды тарбиялап чыккан билим берүүнү камсыздоо.

2- маселе: 2022-2027-жылдарга карата келечектүү өнүгүү иш-мерчемин кабыл алуу жөнүндө мектептин директоруна Чотуралиев И.А. ке жүктөлөт.

- 2022-2027-окуу жылдарга карата Ийри-Суу негизги мектебинин келечектүү өнүгүү иш-мерчеми төмөнкү багыттардан турат:

- сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү, анда баалоонун алгылыктуу усулдарын колдонуу, кайтаррым байланышка жетишүү
- улуттук, руханий баалуулуктарды окуучулардын жан дүйнөсүнө сиңирүү, мекенчилдикке тарбиялоо
- мектепте мугалимдердин кесиптик деңгээлдерин жогорулптуу алардын чыгармачылык менен иштөөлөрүн камсыздоо
- коомчулук, ата-энелер, демөөчүлөр менен өнөктөштүк иш-чараларынын багыты
- мектептин инфраструктурасын жакшыртуу, материалдык-техникалык базасын чындоо багытындагы иш- чаралар
- мектептин келечектүү өнүктүрүүсүн календарлык иш-мерчеми;

Ийри-Суу негизги мектебинде 2022-2027 жылдар аралыгында келечектүү өнүгүү мерчеминин менен тааныштырды жана( тиркеме1) пед.кеңештин папкасында тиркелди.
Талдоо, иликтөө багытында төмөнкү көйгөйлөргө токтолду:

- ата-энелердин жоопкерчилигинин аздыгы
- мектептеги иш-чаралардын газета, журналдарга аз чыгышы
- МТБнын аздыгы
- компьютерлердин эскилиги
- аз камсыз болгон үй-бүлөдөгү балдардын социалдык абалы
- күзгү, жазгы жумуштаручурунда ата-энелердин балдарынын окуусу үчүн тоскоолдугу
- баланын талантына ата-эненин кайдыгерлиги
- таланттуу балдар менен иштөөдө алардын жөндөм, шыгына жараша өнөркананын жана музыкалык аспаптардын жоктугу

**Жарыш сөз:**

Гуманитардык усулук бирикменин жетекчиси Асанбаева Д.Э. жана так имлимдердин усулдук бирикменин Джумалиева Г.А 1-маселе боюнча мындай дешти:

-азыркы жаны кабыл алынып жаткан Ийри-Суу негизги мектебинин миссиясы 2022-2027-жылдарга крата кабыл алуу маселеси замандын талабы деп ойлойбуз жана жаңы миссияда ар бир баланын инсандык сапатына көнүл бурулгандыгы абдан жакты.

2-маселе боюнча мектептин профкому Исабаева З.А. өз оюн билдирди:

- 2022-2027-жылдарга карата келечектүү өнүгүү иш-мерчеминде мектепти ар тараптан өнүгүүсүнө иш-мерчемде абдан жакшы тыккаттык менен билдиргендиги туура деп ойлойм.

**Чечим:**

1. Ийри-Суу негизги мектебинин пед.кеңешмесиндеги талкуунун негизинде 2022-2027-жылдарга **“Заманбап коомдун талабына жооп берген билимдүү, тартиптүү жана кыргыз элинин маданиятын, каада-салтын терең урматтап баалаган инсанды ата- энелер менен бирдикте тарбиялоо”** мектеп миссиясы кабыл алынсын.
2. 2022-2027-жылдарга карата келечектүү өнүгүү иш-мерчемин канааттандырарлык деп эсептенилип, кабыл алынсын.

Мектеп директору: Чотуралиев И.А.

Катчы: Таалайбекова Б.Т.

Жайыл районундагы Ийри-Суу негизги мектеби

# “Заманбап коомдун талабына жооп берген билимдүү, тартиптүү жана кыргыз элинин маданиятын, каада-салтын терең урматтап баалаган инсанды ата- энелер менен бирдикте тарбиялоо”